**ЖОГОРКУ ЖАНА КЕСИПТИК ОКУУ**

**ВЫСШЕЕ И ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ОБУЧЕНИЕ**

**HIGHER AND PROFESSIONAL EDUCATION**

***Беделова Космира Айтмаматовна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: bedelova1978@mail.ru***

# ЖАЗГЫЧ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЖОЖДОРДО ОКУТУУДАГЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАЛГАН САБАК

***Беделова Космира Айтмаматовна,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: bedelova1978@mail.ru***

# КОМПЕТЕНТНО-ОРИЕНТИРОВАННЫЙ УРОК ПРИ ИЗУЧЕНИИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПОЭТОВ ПИСЬМЕННИКОВ В ВУЗАХ

***Bedelova Kosmira Aitmamatovna,***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,***
***Kyrgyz National University named after Zh.Balasagyna,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: bedelova1978@mail.ru***

# A COMPETENTLY-ORIENTED LESSON IN THE STUDY OF THE WORKS OF POETS IN WRITING AT UNIVERSITIES

***Аннотация:*** *Макалада жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабак менен катар жалпы эле заманбап компетенттүүлүккө багытталган сабак, андагы сабакка болгон компетенттүү мамиле, колдонулчу усулдар жана ыкмалар, окутуу технологияларынын маселелери каралды. Мында ошондой эле жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө багыттап окутуунун жалпы маселелери, адабиятты компетенттүүлүккө багыттап окутуу, окутуучунун өз сабагын өзү анализдөөсү сыяктуу маалыматтар да камтылды.*

*Макаланын материалдары жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө багыттап окутуу, компетенттүүлүккө багытталган сабак маселелерин чечмелөөгө өз салымын кошот го деген терең ишенимдебиз. Макала мындагы окуу материалдарын ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринин окутуучулары, магистранттары жана студенттери сабак процессинде колдонууларына арналып жазылды.*

***Аннотация:*** *В статье наряду вопросов компетентно-ориентированного урока по изучению произведений поэтов письменников в вузах, рассмотрены вопросы современного компетентно-ориентированного урока, ком-*

*петентностный подход к уроку, применяемые методы, приемы и технологии обучения. Здесь также приведены сведения об общих вопросах компетентно-ориентированного изучения произведений поэтов письменников, компетентно-ориентированного изучения литературы, самоанализ урока самими преподавателями.*

*Мы уверены, что материалы статьи помогут в решении вопросов компетентно-ориентированного урока при изучении произведений поэтов письменников в вузах. Статья написана для практического применения учебных материалов в учебном процессе преподавателями, магистрантами и студентами филологических факультетов вузов.*

***Annotation:** In the article, along with the questions of the competence-oriented lesson on the study of the works of the poets of writing in universities, the issues of the modern competence-oriented lesson, the competence-based approach to the lesson, the applied methods, techniques and technologies of teaching are considered. It also provides information about the general issues of competence-oriented study of the works of the poets of the writers, competence-oriented study of literature, self-analysis of the lesson by the teachers themselves.*

*We are sure that the materials of the article contribute to solving the issues of a competently-oriented lesson, a competently-oriented study of the works of poets in writing in universities. The article is written for the practical application of these educational materials in the educational process by teachers, undergraduates and students of philological faculties of universities.*

***Түйүндүү сөздөр:** окутуу процесси, заманбап сабак, баалоо, компетенттүүлүк, компетенттүүлүккө багыттап окутуу, компетенттүү мамиле, базалык компетенция, сабактын анализи, окутуудагы салттуулук.*

***Ключевые слова:** учебный процесс, современный урок, оценивание, компетентность, компетентно-ориентированное обучение, компетентностный подход, базовая компетенция, анализ урока, традиционность в обучении.*

***Key words**: learning process, modern lesson, assessment, competence, competence-based learning, competence-based approach, basic competence, lesson analysis, traditional learning.*

**Киришүү.** Жыл өтүп, заман алмашкан сайын билим берүүнүн максаттары жана мазмуну өзгөрүп, окутуунун улам жаңы каражаттары жана технологиялары келип чыкканы менен, сабак дале окутуунун негизги формасы катары. Профессор В.И.Загвязинскийдин аныктамасына ылайык, «сабак – бул билим алуу процессин уюштуруунун мазмуну жана ыгы катары келүүчү 40-45 мүнөттүк окутуу кесими» [3, 134]. Бул окутуу формасы бүт дүйнө жүзү боюнча бир канча кылымдан бери карай ийгиликтүү колдонулуп келет. Азыркы заманбап мектептин социалдык жана педагогикалык статусунун аныкталышы да мына ушу сабакка байланыштуу. Мындан жүз жыл мурдагыдай эле билим берүү процессинин башкы катышуучулары болуп мугалим жана окуучулары, биздин мисалыбызда, ЖОЖдун окутуучусу жана студенттери эсептелишет. Булардын ортолорундагы алака-катышта дайыма – билимдердин учу-кыйыры көрүнбөгөн дүйнөсү, таанып-билинген менен али өздөштүрүлө электин, ийгиликтен канааттануу сезими менен өзүнүн иш-аракетине алымсынбоонун карама-каршылыгы бар. Билим берүүдөгү окуу-тарбиялык процесс сабак менен башталып, ал сабак менен акырына чыгарылат. Албетте, окутуу процессиндеги калган бардык жумуштар да маанилүү, бирок алар сабакты толуктап туруучу, көмөкчү ролдо болушат. Дегинкиси, «билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо мамлекеттин келечектеги өнүгүшү жана билим берүүнүн багыты аныкталып, алардын илимий изилдөөлөр менен тастыкталышы негизги аспектилердин бири болуп эсептелет» [4, 23].

Анан ар бир жаңы сабак – бул студенттин билим алуусундагы жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүндөгү өзүнчө бир тепкич, анын билгичтигин жана адеп-ахлактык маданиятын калыптандыруудагы жаңы салым.

Деги заманбап сабак деген эмне? Баарыдан мурда бул – өткөндөгү менен байланышын жоготпогон, түп тамырынан жаңы сабак, тактап айтсак, актуалдуулугу дайыма артылып турган сабак. Ал эми заманбап адабият сабагычы?.. «Заманбап адабият сабагы – бул салттуу окутуу усулдары менен заманбап педагогикалык технологиялардын интеграциясы, жуурулушуусу, биргелешип аракетте болуусу» [7, 195]. Ушунда белгилүү методист-окумуштуу Е.Н.Ильиндин заманбап адабият сабагы тууралуу жазганы өзүнчө кызык: «Адабият сабагы чынында эле жекелик мүнөзгө ээ. Сабактын жаралуу мыйзам ченемдүүлүктөрү көркөм чыгарманын жаратылганы сыяктуу. Бул ар адабият сабагына чыгармачылык мамиленин болушу зарылдыгы менен катар, мугалимдин өзүнүн окутуучулук ишмердүүлүгүндө калемгердин класста өтүлчү чыгармасына авторлоштукта аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн билдирет. Ооба, мында кеп мугалим, ал гана эмес анын окуучулары да автор менен полемикага чыгып, кичине болсо да жекече көз караш-пикирлеринин орун алышы тууралуу жүрүүдө» [5, 4-5].

Мындагы **актуалдуулук** азыркы учур үчүн маанилүүлүгүн, жетиштүү олуттуулугун билдирет. Анан да сөзсүз таасирдүүлүк, мунун студенттин, анын ата-энесинин, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктарына түздөн-түз тийиштүүлүгү бар. Мындан сырткары, эгер сабак заманбап талаптарда алып барылса, анда ал сөзсүз түрдө келеркинин негизи түзүлүүсүнө өбөлгө болот жана студентти күндө өзгөрүлүп туруучу жашоого даярдайт. Ар кандай сабак, мейли ал өнүктүрүүчү, инсанга багытталган же заманбап салттуу болобу, ЖОЖдук билим берүүнүн алдында турган жаңы милдеттерди чечүү үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мындагы биздин **милдет** бул сабак мыкты, бул сабак начар, бул заманбап, ал эми бул эскирген деп жаман-жакшыга чектеп баалоодон турбайт. Маанилүүсү башкада, мында андагы өзөктү аңдап түшүнө билүү зарыл болуп турат:

– заманбап сабак кандайча өзгөрүп, жаңыланып жатат;

– ал билим берүүгө коюлчу жаңы милдеттерди чечүүдө канчалык натыйжалуу;

– акыркы жылдары сабактын максаттарын, анын түзүмүн, мазмунун жана окутуу усулдарын түшүнүүдө кандайча жана канчалык жылыштар болду;

– сабактагы окутуучунун орду, ролу кандайча болуп өзгөрүлүүдө.

**Максат** – жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабакты уюштуруу технологияларынын илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

Макаланы жазууда **методологиялык негиз** болуп таанып-билүүнүн диалектикалык окуусу, педагогикалык-психологиялык, этика-эстетикалык иликтөөлөр, адабият таануу жана илимий-методикалык эмгектер, антикалык доордон берки акылмандардын философиялык ойлору, окумуштуу аалымдардын билим, таалим-тарбия жөнүндөгү көз караштары менен чыгармачыл, жаңычыл педагогдордун табылгаларынын жыйынтыктары алынды.

Жогорудагы методологиялык негиздерге таянуу менен макалада алдыбызга койгон максатка жетүү үчүн төмөндөгү **методдор** колдонулду:

1) теориялык: илимий, педагогикалык-методикалык жана адабият таануучулук адабияттарды анализдөө жана синтездөө, салыштыруу, жалпылоо, классификациялоо;

2) практикалык: окутуу-тарбиялоо практикасын байкоо, анкета алуу, эксперимент;

3) статистикалык: жазгыч акындардын чыгармаларын окутуп-үйрөтүүдөгү буга чейинки окутуучулук тажрыйбанын, атайын максаттуу иликтөөнүн жана жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжаларын сандык-сапаттык жактан жыйынтыктап иштеп чыгуу.

Макаланын **илимий жаңылыгы** жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабак технологиясы Кыргызстанда биринчи болуп иштелип чыкканында турат.

Макаланын **практикалык маанилүүлүгү** жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабак технологиясынын

илимий-методикалык негиздерин түзүүчү бир катар натыйжалардын алынгандыгында турат.

Азыркы заманбап сабак – бул баарыдан мурда демейки эле сабак, мында окутуучу студенттин инсандыгын, анын акылдык жактан жигердүү өсүүсүн, билимдерди терең жана ойлоп түшүнүп өздөштүрүүсүн өнүк-түрүү үчүн, анын адептүүлүк негиздерин, компетенттүү-максатка багытталгандыкты калып-тандыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүк-төрдү билгичтик менен пайдаланат.

Компетенттүүлүккө багытталган заман-бап сабактын башкы баалуулугу окутуу-чунун билим берүүчүлүк процесстин окуучунун жекеликтүүлүгүн өнүктүрүүгө болушунча күчтүү таасир этүүсү үчүн тийиштүү шарттарды түзүүсүндө турат.

Компетенттүүлүккө багытталган заман-бап сабактын негизги идеясы болуп окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүү-нүн биримдиги тууралуу түшүнүк эсеп-телинет. Ар бир сабак так ушул идеяга ылайык курулуусу жана жүзөгө ашырылуусу зарыл. Анда окутуунун заманбап теория-сынын логикасы жана да кайсы бир өлчөмдө коомдун билим берүү системасына деген социалдык тапшырмасы камтылат. Анан өз алдынча билим алуу, аралыктан окутуу сыяктуу эң бир зарыл жана туура идеялар тууралуу канчалык айтышпасын, ар кандай сабакта башкы аракеттенүүчү тарап болуп дайым мугалим, биздин мисалыбызда, ЖОЖдордогу адабият предметинин окутуу-чусу калат.

Жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабак дегенде эң биринчи эле өтүлчү сабакка карата компетенттүү мамиле тууралуу кеп козголгону зарыл. Ал эми «компетенттүү мамиле билим берүүчүлүк процессти ой элегинен өткөрүүнү бир бүтүнгө бириктирүүнү көңүлгө алат» [7, 157]. «Компетентностный подход предполагает переход от усвоения учениками знаний на формирование у них социальной компетент-ности» [1, 59]. Дагы тактасак, «учурда билим берүү компетенттүүлүк мамиленин негизинде жүргүзүлүп, анын эң башкы өзгөчөлүгү болуп адис даярдоодо инсандын кесиптик сапат-тарын, кесиптик билимдерин, билгичтик-терин жана көндүмдөрүн калыптандыруу саналат» [6, 93]. Бул дидактикалык окутуу моделинин өзүнө гана тийиштүү долбоорлоо маданияты, түшүнүктүүлүк аппараты бар, ушундан улам төмөндөгүлөрдү белгилеп кетмекчибиз:

- базалык компетенциялар;
- студенттин билимди өздөштүрүү тажрыйбасы;
- турмуштук кырдаалдарды чечмелөө билгичтиги;
- психолгиялык-педагогикалык кырдаалдар ж.б.

Белгилүү болгондой, заманбап билим берүүчүлүк стандарттардын негизин төмөн-дөгү базалык компетенцияларды калыптан-дыруу түзүп туруусу керек:

- окуп-билим алуу билгичтиги;
- ден соолукту сактап-чыңдоочулук;
- жалпы маданий;
- маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча компе-тенттүүлүк;
- жарандык;
- социалдык;
- ишкердик.

Демек, окутуу процессинде студенттер-дин базалык компетенттүүлүктөрүн калып-тандыруу болуп өтүлүп жаткан сабакка карата компетенттүү мамиле эсептелинет.

Ушунда студент базалык компетенция-ларга ээ болуусу үчүн сабактын, жогорку окуу жайынын билим берүүчүлүк мейкин-диги кандай талаптарга ылайык келүүсү керек? – деген суроо туулат. Студенттердин базалык компетенцияларга ээлик кылуулары үчүн сабакка карата бир катар талаптардын аткарылышы зарыл:

1. Максатты аныктоого карата компе-тенттүү мамиленин болушу.
2. Компетенциялар окуу-окутуу ишмер-дүүлүктөрүндө гана калыптанат.
3. Окутуу процессин өз алдынчалуу-лукту жана жоопкерчиликти өнүктүрүүгө багыттоо.
4. Окутууну ички сабактык ажырымдоо жана жекелештирүү.

5. Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун жекече, топтук жана бетме-бет формаларын айкалыштыруу.

6. Ден соолукту сактап-чыңдоочулук технологияларды колдонуу.

7. Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу.

8. Заманбап сабактагы окутуучунун ролунун өзгөрүүсү.

Мында окутуучунун жазгыч акындардын чыгармачылыктарын компетенттүүлүккө багыттап жаңы эле өзү алып барган сабагын өзү талдап, анализдөөсү маанилүү. Сабакты окутуучунун өзү анализдөөсү – бул педагогдун артка кайтуу ишмердүүлүгүнүн жол-жобосу, өзү өткөн сабакты өзү талдашы жана баалоосу. Өтүлгөн сабакты окутуучу өзү оозеки талдоосу окуу жайынын жетекчиси же кафедра башчысы өткөргөн сабакты талдоо жол-жобосунун курамдык бөлүгү катары келет.

Сабакты окутуучунун өзү талдоосунун пайдалуулугу жана педагогдорго аны алып баруунун зарылдыгын күбөлөндүрүүчү төмөндөгү аргументтерди келтирмекчибиз:

1. Өзүн-өзү талдоосуз окутуучунун кесиптик жактан өнүктүрүлүүсүндө олуттуу ийгиликтер орун алуусуна, анын мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүүсүнө үмүт артуу мүмкүн эмес. Артка кайтуу, өзүн-өзү анализдөө – окутуучунун кырдаалга сүңгүп кирүүсүнүн универсалдуу ыкмаларынан, булар аны өзүн өзү өнүктүрүү тартибине алып келүүгө жөндөмдүү.

2. Өзүн-өзү анализдөө – окутуучунун өзүн психологиялык жактан коргоонун, жакшы маанайын бир калыпта кармоонун эң бир мыкты каражаты.

3. Өзүн-өзү анализдөөсүз окутуучу өз ишинин сапатын реалдуу жакшырта албайт.

4. Өзүн-өзү анализдөөсүз окутуучу өзүнүн жекече иштелмелеринин толук кандуу жана толук укуктуу катары аңдап билүүсү кыйындыкка турат.

Жазгыч акындардын чыгармачылыктарын ЖОЖдордо окутуудагы компетенттүүлүккө багытталган сабакты анализдөөдө төмөндөгүлөргө көңүл бурулуусу зарыл:

- ***максаттын аныкталышына*** (максатты окутуучу жеке өзү же студенттери менен биргеликте аныктайт);
- ***мотивдештирүүгө*** (эмоционалдык, мазмундук, социалдык; студент бул окуу материалы өзү үчүн канчалык маанилүү экенин аңдап билет, сабактын бардык баскычтарынын жүрүшүндө өзүн таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүккө багыттайт);
- ***сабактын мазмунуна*** (мазмунунда предмет аралык интеграция орун алганбы, реалдуу турму менен, практикалык ишмердүүлүк менен байланышканбы);
- сабакта ***студенттердин ишмердүүлүктөрүн уюштуруунун формалары*** (бетме-бет, топтук, жуптук, жекелик);
- ***усулдарды, ыкмаларды, технологияларды колдонуу*** (жигердүү эмес, жигердүү, интерактивдүү, иргеп алуу сабактын максаттарына ылайык келет, усулдар жана ыкмалар, студенттерди ишмердүүлүктүн субъекттери катары сабактын айрым же бардык баскычтарында катыштыруу колдонулат);
- ***артка кайтуучулук*** (эмоционалдуу артка кайтуу, ишмердүүлүктү анализдөөнүн жана баалоонун ыкмалары, натыйжаларды баалоо орун алат);
- ***сабактын натыйжалуулугу*** (кесиптик компетенциялардын курамдык бөлүктөрү түзүлгөн; лекция-сабактын тексти, ишмердүүлүк процесси тууралуу эсеп-чот бар; жалпы компетенциялардын курамдык бөлүктөрү аныкталган; жетишүү натыйжалары камтылган);
- ***баалоо*** (5 баллдык шкала боюнча салттуу, ишмердүүлүктү сапаттуу, оозеки баалоо, баалоонун башка да түрлөрү);
- ***жыйынтык-корутундулар:*** окутуудагы компетенттүү-ишмердүүлүктүү мамиле (ишке ашырылбайт, жарым-жартылай ишке ашырылат, ишке ашырылат).

**Корутунду.** Демек, сабак жаңы педагогикалык тепкичке жана жаңы баалуулуктук педагогикалык багытталыштарга өтүү мезгилинде билим берүүчүлүк процесси уюштуруунун өзөктүк формасы боюнча калат. XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын баш чениндеги билим берүүнүн

талаптарын жооп берген салттуу сабактан айырмаланып, заманбап сабак – бул, баарыдан мурда, компетенттүүлүккө багытталган сабак.

Кесиптик жогорку билим берүүнүн жаңы стандартында билим берүүнүн мазмунун «билимдерден» «ишмердүүлүк ыкмаларына» кылып түзүүгө өтүү чагылдырылган, андыктан компетенттүүлүк мамилесин ишке ашыруу үчүн окутуу технологияларын жана усулдарын иргеп алууда студенттердин жигердүү ишмердүүлүккө тартылуусун камсыз кылуучу усулдарга, алардын демилгелерин жана жоопкерчиликтерин өнүктүрүүгө өзгөчөлүү көңүл бурулат, бул баарыдан мурда окутуунун жигердүү, иштиктүү формаларына жана усулдарына негизденген өнүктүрүүчү технологиялар, окутуунун проблемалык технологиясы, долбоордук-изилдөөчүлүк усулдар, интерактивдүү усулдар, студенттердин өз алдынчалуу, окуулук-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгү [2, 13-16].

Усулдар жана иштөө формалары абдан көп. Тапшырмалардын, ишмердүүлүктүн, каражаттардын, илимий жана усулдук булактардын түрлөрүнүн максималдуу ар түрдүүлүгүнүн болушу зарыл. Заманбап компетенттүүлүккө багытталган сабактын маани-маңызы билим берүүчүлүк процесстин студенттин жекеликтүүлүгүн өнүктүрүүгө максималдуу таасир этүүсү үчүн шарттардын мугалим тарабынан түзүлүүсүндө жатат. Демек, компетенттүүлүккө багытталган сабактын, биздин мисалыбызда, жазгыч акындардын чыгармачылыктарын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө багыттап окутуу сабактарынын үлгүлөрүн түзө билүү – окутуучунун студенттерде ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда туура чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл өзөктүк компетенцияларды жана инсандык сапаттарды түзүп калыптандырууга педагогдук ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн негизи.

**Адабияттар:**


1. Аманова Г.М., Жолчиева А.А. Формирование предметных компетенций у учащихся кыргызской школы на уроках русского языка // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары [Текст]. Г.М.Аманова, А.А.Жолчиева. – 2018. № 1 (44). – 59-61-бб.
2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Китепте: Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү боюнча методикалык колдонмо [Текст]. – Б., 2020. – 38-б.
3. Загвязинский В.И. Теория обучения: Современная интерпретация. [Текст]. В.И.Загвязинский. – М.: Академия, 2001. – 192 с.
4. Ибирайим кызы А., Акматов Д.А., Дуйшеналиев Ж.С. Информатика, көркөм өнөр жана музыка предметтеринин мазмунун жаңылоо шарттары // Кыргыз Билим берүү академиясынын кабарлары [Текст]. А.Ибирайим кызы, Д.А.Акматов, Ж.С.Дуйшеналиев. – Бишкек. – 2020. – № 3 (52). – 22-28-бб.
5. Ильин Е.Н. Баш сөз. Китепте: Кан-Калик В.А., Хазан В.И. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе [Текст]. Е.Н.Ильин. – М.: Просвещение, 1988. – С. 4-5.
6. Мурзаев М.С. ЖОЖдордо болочок педагогдордун психологиялык компетенцияларын калыптандыруунун айрым маселелери // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары [Текст]. М.С.Мурзаев. – 2017. – № 3 (43). – 93-б.
7. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби [Текст]. Б.К.Оторбаев. – Б.: Айат, 2020. – 560-б


***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын корреспондент мүчөсү,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***